УДК 81-11(575.2) (04)

**Джунушалиева Г. Ж.**
жетектөөчү илимий кызматкер
*КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы*
*Тил жана адабияты институту*

## МАХМУД КАШКАРИ – АРЕАЛДЫК ЛИНГВИСТИКАНЫН НЕГИЗДӨӨЧҮСҮ

**Джунушалиева Г. Ж.**
ведущий научный сотрудник
*Институт языка и литературы*
*имени Ч.Айтматова НАН КР*

## МАХМУД КАШКАРИ – ОСНОВАТЕЛЬ АРЕАЛЬНОЙ ЛИНГВИСТИКИ

**Djunushalieva G. Dj.**
leading researcher
*Institute of Language and Literature*
*named after Ch. Aitmatov of the NAS KR*

## MAHMOOD KASHKARI – FOUNDER OF AREAL LINGUISTICS

**Аннотация.** Махмуд Кашкарини «Дивани лугат-ат түрк сөздүгү» авторду ареалдык тил илиминин негиздөөчүсү катары таанытткан. Бул жерден көңүлдү М. Кашкаринин көп тилдерди билүү өзгөчөлүгүнө жана ал түзгөн дүйнөнүн картасына буруу зарыл. Сөздүк филология илиминде ар тараптан изилденип келгендиги менен дүйнөнүн картасы тууралуу кыйыр түрдө айтылат. Негизинен картада камтылган топонимдер аркылуу сөздүк жаңы деңгээлге көтөрүлгөн. Түрк урууларынын географиялык чек аралары, тил байланыштарынын өзгөчөлүктөрү, илимдин ар кыл тармактары жана багыттарынын чегин аныктоо процесстери чагылдырылат.

**Негизги сөздөр**: ареалдык, топонимдер, географиялык чек аралар, дүйнөнүн картасы, түркология, илимдин тармактары ж. б.

**Аннотация**. «Словарь Дивани лугат-ат-турк» Махмуд Кашкари идентифицирует автора как основоположника ареальной лингвистики. Отсюда необходимо обратить внимание на многоязычие М. Кашкари и созданную им карту мира. Хотя словарь по-разному изучается в филологической науке, но косвенно рассказывают о карте мира. В основном благодаря топонимам, включенным в карту, словарь был выведен на новый уровень. В нем отражены географические границы тюркских племен, особенности языковых контактов, процессы определения границ различных отраслей и направлений науки.

**Ключевые слова**: ареал, топонимы, географические границы, карта мира, тюркология, отрасли науки и др. б.

**Abstract**. Mahmoud Kashkari's «Divani lugat-At-Turkish Dictionary» identifies the author as the founder of areal linguistics. Here it is necessary to focus on M. Kashkari's multilingualism and the map of the world he created. Although the dictionary has been studied in various ways in the science of philology, it indirectly tells about the map of the world. Mainly due to the toponyms included in the map, the dictionary has been brought to a new level. It reflects the geographical boundaries of the Turkic tribes, the peculiarities of language contacts, the processes of defining the boundaries of various branches and areas of science.

**Keywords:** area, toponyms, geographical boundaries, world map, Turkology, branches of science, etc.

Махмуд Кашкаринин «Дивани лугат-ат түрк сөздүгү» орто кылымдардагы түрк урууларынын тилдерин изилдөөдө ареалдык техниканын негизинде биринчи жолу жаралган эмгек. Ареал (лат. area - аралык, чек, аянт) тиги же бул көрүнүш же белгинин таралыш аймагы. Мис., тил илиминде бир тилдин ичинде жергиликтүү диалектилик же говордук өзгөчөлүктөрдүн белгилүү бир аймакка тараган чеги. Натыйжада диа-

лектилердин ареалдык карым-катышы, жайланышы, таралышы, тилдик байланыштар такталат [1, 73].

«Дивани лугат-ат түрк сөздүгүндө» жогорудагы аныктамага ылайык, түрк урууларынын географиялык чек аралары, тил байланыштарынын өзгөчөлүктөрү, илимдин ар кыл тармактары жана багыттарынын чегин аныктоо процесстери чагылдырылат. Кашкари жашаган доордо ислам идеяларына негизделген илимий изилдөөлөр тез өнүгүп, философиялык негиздер топтолуп, гуманитардык илимдер менен катар табигый илимдеринин тармактары да калыптанган учурга туш келген. Тактап айтканда, илим түрдүү тармактарга бөлүнө баштаган жана билимдин жалпы деңгээли транцформацияланганын көрүүгө болот.

М. Кашкари ареалдык лингвистиканын негиздөөчүсү дегенибизде, анын тилдерди билүү байлыгына жана ал түзгөн дүйнөнүн картасына көңүл буруу зарыл. Сөздүк филология илиминде ар тараптан изилденип келгендиги менен дүйнөнүн картасы тууралуу кыйыр түрдө айтылат. Негизинен картада камтылган топонимдер аркылуу сөздүк жаңы деңгээлге көтөрүлгөн. И. Ю. Крачковский «Лингвистическое произведение Махмуда Кашгари «Диван лугат ат-турк» имеет особую значимость и с точки зрения географии» [2, 267]. Изилдөөчү М. Кашгаринин картасындагы түрк урууларынын так чиймесин жана чек ара жерлерин белгилеген жана лингвистикалык эмгек географиялык жактан өзгөчө мааниге ээ экендигин туура көрсөткөн. Бул жерден лингвистикалык багыттын география илими менен түздөн-түз байланышын жер-суу аттарынын колдонулушунан байкоого болот.

Ал эми Махмуд Кашкаринин «Дивани лугат-ат түрк сөздүгүнүн» лексика-семантикалык ареалын талдоого алуу тил илиминин тарыхындагы маселелерди: фонетикалык, лексикалык процесстердин өнүгүшүн, грамматикадагы өзгөрүүлөрдү, түрк тилдеринин байыркы этникалык топторунун тарыхый байланышын аныктоодо, автордун жер кыдырып жыйнаган материалдары жардам берет. Түркологияда жазма эстеликтерди изилдөө, айрым элдердин маданий-тарыхый калыптануусун чагылдырууда олуттуу ийгиликтерге жетишкен.

Ошентип, «Дивани лугат-ат түрк сөздүгүнүн» лексикалык ареалы универсалдуу материалдарды камтыйт. Ошондой эле, миңдеген жылдар мурда жашаган түрк элдеринин жашоо турмушунун баардык аспектилерин чагылдырат. Алардын тили жана адабияты, тарыхы жана географиясы, маданияты жана экономикасы, адеп-ахлактык баалуулуктары жана ишенимдери, психологиясы жана ой санаасы, жашоосу жана үрп-адаттары, каада-салты жана үй-бүлөсү, тууганчылык жана социалдык мамилелер, кийим-кече жана зергерчилик, курал-жарак жана шаймандар, тамак-аш жана даярдоо, оюндар жана көңүл ачуу ж. б. лингвистикалык өзгөчөлүктөрүн айкалыштырат.

Кормушин «Цель написания словаря. Любой человек, знакомый со словарем, понимает, что изучение тюркского языка было давно и сознательно избранным научным поприщем Махмуда Кашкари: слишком много специальных премудростей арабской лингвистики должен был усвоить человек, задумавший выполнить сопостовительное, по сути, исследование тюркского языка» [3, 31]. Чындыгында, сөздүк менен тааныш болгон адам Махмуд Кашкаринин түрк тилдерин изилдөө автордун илгертен эле атайылап тандап алган илимий тармагы болгондугун, араб тилин үйрөнүү менен тектеш тилдерди салыштырып, түрк калкынын маданиятын араб элдерине таанытууну түпкүлүк максаты катары койгондугун түшүнөт.

«Дивандын» дүйнөнүн картасы тууралуу түзүлгөн материалында, жердин чордону катары ыйык Ысык-Көл, Борбордук Теңир-Тоо аймагы жайгаштырылат. Барскан шаарынын аты «Дивандын» текстинде каткалаң «*гайн*» аркылуу «*Барсган*» деп бериген болсо, ал эми картада – каткалаң «*каф*» аркылуу «*Барскан*» берилет, азыркы учурда «*Барскоон*» топоними созулма үндүү менен жазылат. Сыягы, бул айырмачылык диалектилик өзгөчөлүктөр менен байланыштуу болсо керек. Түркстан аймагы көңүл борборунда тургандыгынан улам бул картаны кандайдыр бир даражада Кара кагандар сулалесинин географиялык картасы деп таанышкан. Ошентсе да, айрым пикирлер болбой койбойт. «Ысык-Көлдүн жан-жагындагы этно шаарларды билдирүүчү айрым наамдарынын жазылбай калышы, кыргыз сыяктуу өз каганаты бар айрым элдердин теңир-тоолук айрым калктардын чагылдырылбай калышы, бул картаны түзүү иши өз соңуна толугу менен чыгарылбаса керек. Мында мусулман карталарынын ичинде эң биринчи ирет топонимдер жөнүндө чыгышта – Жапония, Катун Сыны

шаары, Кыргыз каганатынын X к. бир букчагы болуп, кийинчерээк татарларга өткөн Өтүкөн аймагы, Ысык-Көлдүн түштүк-батышында – азыркы Кочкор өрөөнүндөгү жери, а батышта – Венгрия (ал-Мажар) кагазга түшүрүлүп, ал эми Теңир-Тоодогу кырка тоолор тизими өтө туура чагылдырылган» [4, 227]. Мындай көрүнүштөр орун алышы туура маселе. Анткени ар аймактын баардык калкын же топонимикасын жайгаштыруу милдет эмес, белгилүү жерлердеги калктын ма-даниятынын өзгөчөлүгү менен аймакташ этностордун жашоо жагдайын жалпылап көрсөтүү болгон чыгар.

Ошентип, сөздүктүн лексикографиялык ареалы тууралуу айтсак, 31 түрк диалектилеринин негизинде салыштырма тарыхый лексикология боюнча баалуу материалдар камтылган [5, 12]. Мисалы, эмгекте ономастикалык терминдердин жана сөздөрдүн чечмелөөлөрүн карап көрсөк:

**Антропонимдердин аттары**: *Аф-расиаб, Барсган, Бэктур, Богра-кара-кахан, Исках, Зулкарнайн, Нух пайгамбар, Сабит, Тахмурас, Хусайн, Кадирхан* ж. б.

**Элдердин, уруулардын, уруктардын аттары**: *ава* – огуз уруусунун аты, *аргу* – түрк уруусунун аты, *башгырт* – элдин аты, *ограк* – түрк уруусунун аты, *сувар* – улуттун аты, *огуз* – түрк элинин аты, *татар* – улуттун аты, *фарс* – улуттун аты, *кыркыз* – улуттун аты, *кыпчак* – элдин аты ж. б.

**Шаарлардын жана айылдардын аттары**: *Абул* – айылдын аты, *Афрасиаб* – шаардын аты, *Бухара* – шаардын аты, *Сайрам* – шаардын аты, *Самарканд* – шаардын аты, *Талас* – шаардын аты, *Күз ордо* – шаардын аты (*Баласагын шаары*), *Карачук* – шаардын аты ж. б.

**Өлкөлөрдүн, райондордун, аймактардын, өрөөндөрдүн, ашуулардын, чөлдөрдүн аттары**: *Ажам* – өлкөнүн аты, *Азгиш* – аймактын аты, *Аруг* – ашуунун аты (Фергана менен Кашкардын ортосундагы ашуу), *Эртиш* – өрөөндүн аты, *Букач арт* – ашуунун аты, *Занби арт* – капчыгайдын аты, *Жала* – чөлдүн аты, *Жэмак* – талаанын аты, *Мачин* – өлкөнүн аты, *Кашкар* – шаардын жана өлкөнүн аты, *Кизил* – өрөөндүн аты, *Кавак арт* – ашуунун аты ж. б.

**Деңиздердин, дарыялардын, суулардын, океандардын, көлдөрдүн аттары**: *Этил* – дарыянын аты, *Ай көл* – көлдүн аты, *Ысык көл* – көлдүн аты, *Хинд* – деңиздин аты, *Жамар* – дарыянын аты, *Фират* – дарыянын аты, *Эртыш* – дарыянын аты, *Таман* – суунун аты, *Тапинг кул* – көлдүн аты, *Улуг Кежган* – дарыянын аты ж. б.

**Планеталардын, жылдыздардын жана мезгилдердин аттары**: *Эран туз* – Тараза, зодиак белгиси, *Бакир сокум* – Марс планетасы, *Оглак аж* – эрте жаз мезгили, *Темир казык* – Ак жылдыз, *Улуг оглак* – эрте жаздан кийинки мезгил, *Уркөр* – жылдыз, *Каракуш* – *Юпитер планетасы* ж. б.

М. Кашкари түрк тилдеринин айырмачылык ареалын изилдеп, талдап, мүнөздөп жатып, илимий негиздеген принципти карманган. Натыйжада ал төмөнкүдөй жыйынтыкка келген: *ягму, чигил, кыркыз, тухси, кыпчак, огуз, карлук, булгар, сувар* тилдери таза тилдер деп тааныган. Ал *канжак, таргут, аргун, сугда* тилдерин аралаш тилдер деп классификациялаган. Уруулар арасындагы тилдерди фонетикалык жана морфологиялык өзгөчөлүктөрүнө карап, келечекте изилдөө керектигин айткан.

1) Түрк тилдеринин чыгыш тобун: *чигил, ягма, кыпчак, татар, тухси, карлук жана уйгур* тилдери түзөт.

2) Түрк тилдеринин батыш тобуна: *огуз, аргун, яман, сувар* тилдерин киргизген.

Мындан улам, төмөндөгүдөй тыянак чыгарууга болот: Махмуд Кашкаринин «Дивани лугат ат-түрк» сөздүгү исламга чейинки жана исламдан кийинки түрк элдеринин теңдешсиз лексикографиялык ареалын камтыган эмгек. Жогоруда көрсөтүлгөндөргө кошумча айтканда, китепте түрк элдеринин руханий жана материалдык маданияты чагылдырылып, анда үч жүздөн ашык макал-лакаптар, ошондой эле кошок, ишенимдер, баатырдык ырлар, элдик медицинанын рецептери, календарга байланыштуу билимдер жана аларды даярдоо ыкмалары берилген. Бул эмгекте ошол мезгилге мүнөздүү көптөгөн кийимдердин, анын ичинде баш кийимдердин аталыштарын табабыз. «Дивани лугат-ат түрктүн» материалына таянып, түрк элдеринин М. Кашкариге чейин жана анын убагындагы чарбалык иштеринин жандуу картинасын элестетүүгө болот. Дыйканчылык, дан жана буурчак өсүмдүктөрү, мал чарбачылыгы жана аңчылык боюнча көптөгөн маалыматтар бар. Белгилүү болгондой түрк элдеринин байыртадан бери эле мал чарбачылыгы, өзгөчө кой чарбасы, бодо мал чарбасы, жылкы чарбачылыгы, төө чарбасы жана эң байыркы адаты жаныбарларга аңчылык кылууда бай тажрыйба топтошкондугун

айтууга болот. Алар жеке жана жамаат менен мергенчилик кылышкан. Канаттуулардын жана жапайы жаныбарлардын этин жешип, терисинен кийим тигип кийишкен. Сөздүктө аңчылыктын ыкмалары, аңчылыкта колдонулган куралдар менен тааныштырат. Мына ушул сыяктуу сөздүктөгү камтылган жана салыштырмалуу түрдө көрсөтүлгөн, тарыхый-географиялык, адабий-лингвистикалык, маданий жана этнографиялык материалдардын ареалдарынын кенендиги М. Кашкаринин салыштырма тил илиминин негиздөөчүсү деп эсептөөгө мүмкүндүк берет жана андагы материалдар ар тараптуу изилдөөнүн булагы боло алат.

Жалпысынан айтканда, Махмуд Кашкари түрк тилинин окуу китебин түзүп, грамматикасын оңдоп, тектеш тилдүү элдердин чөйрөсүн жер кезип, тил илимин кеңейтип, анын өсүүсүн көтөргөн биринчи ареалдык тил илиминин негиздөөчүсү. Түркология тарыхында биринчи салыштырма тарыхый ыкманы колдонуп, түрк тилдеринин тарыхый диалектологиясынын пайдубалын, сөздүк корун түптөгөн энциклопедист. Анын тилдерди салыштырып изилдөө ыкмасы баардык чыгыш изилдөөчүлөрүнө мүнөздүү өзүнчө мектеп болуп саналат. Түрк элдеринин тили, бай тарыхы, географиялык абалы, адабияты жана искусствосу, социалдык абалы, экономикасы, этнологиялык өзгөчөлүктөрү «Дивани лугат-ат түрктө» көрсөтүлгөн. Махмуд Кашкари көптөгөн уруу-уруулардын тилдик өзгөчөлүктөрүн айырмалап, түрк тилинин структурасын түшүндүрүп, турмуш-тиричилик, каада-салттарын сүрөттөп, түрк элдеринин түпкү ырларын, макал-лакаптарын жазышы, байыркы доорлордо түрк дүйнөсүндөгү Барскан, Баласагын, Тараз, Экиөгүз, Кашкар ж. б. көптөгөн дээрлик байыркы шаарларын, конуштарын белгилеп, дүйнөнүн картасын түзүп, ареалдык тил илимин негиздегендиги жана энциклопедиялык биринчи маалымдаманы жараткандыгы менен кайталангыс тарыхый инсан!

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Кыргыз тилинин лингвистикалык маалымдамасы. – Б., «Авразия Пресс» 2015. 256 б.
2. Крачковский И. Ю. Ал-Бируни и географы в XI в. На Востоке // Избранные произведения. Т. IV. – М. – Л.: 1957. С. 267-270.
3. Махмуд Кашгари Диван лугат ат-турк (Свод тюркских слов) / пер с араб. А. Р. Рустамова, под ред. И. В. Кормушина. – М.: 2010.
4. Ибрагимов К. Махмуд кашкаринин "Дивани лугат-ат түрк" эмгегинин жазылыш тарыхы жана мазмуну Известия вузов, № 2, 2014. С. 227.
5. Равшанов М. Р. Сравнительно-историческая лексикография и методы ее описания в «Диван лугат ат-турк» Махмуда Кашкари. – Ташкент. // Информационный гуманитарный портал «Знание. Понимание. Умение» 2012. №2